Бекитемин
Профессор А.Моллокулов
атындагы УИТМЛдин
директору Асанова М.Б.
«03» 08 2025-ж.

**Эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борборунун**
**ЖОБОСУ**

Окуу процессинде окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу, окуу процессинде башкаруунун сапатын, мектеп-лицейинин деңгээлин көтөрүү, окуу процесинде, коллективде мониторинг менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

Ар түрдүү жаңы типтеги мектептердин пайда болушу, альтернативдүү билим берүүнүн шарты ар бир педагогду чыгармачылык менен иштөөгө мажбурлайт. Мугалим колунан келишинче, мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче ар кандай ыкмаларды колдонуп чыгармачылык менен план, программаларды түзүшөт. Ушул жагдайда анын илимий деңгээлин, талапка жооп берүүсүн, эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борбору аныктайт.

Көп түрдүү, альтернативдүү билим берүүнүн формаларын колдонуу шартында, окутууну дифференцирлөө, окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүүдө маалымдоо-методикалык жагдайдын ордуна гуммандуу педагогикалык, мугалимдин компетенттүүлүгүн талап кылган жагдай туура келет.

Уюштуруучулук–иштиктүү жагдайдын негизи болуп диагностикалык кызматтын негизин түзөт.

эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борборунун негизги маселелери:

- социалдык, психологиялык, окуу-тарбия процесстерин жана окутуунун проблемаларын изилдөө жана анализдөө;
- ар бир окуучунун кызыгуусуна, жөндөмдүүлүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө ылайыктуу профилдик окуунун тиешелүү багытын аныктоо;
- мугалимдин же жетекчинин кесиптик баалуу сапаттарын, педагогикалык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин, инсандык сапатынын калыптанышын аныктоо жана баа берүү, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жаңы жолдорун аныктоо, мугалимдин эмгегин илимдин негизинде уюштуруу (НОТ) жана чыгармачылык потенциалын аныктоо;
- адамдын инсандык сапатына психолгиялык анализ киргизүү;
- окуу процессинде окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу, окуу процессинде башкаруунун сапатын, гимназиянын деңгээлин көтөрүү, окуу процессинде, коллективде мониторинг менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

Эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борборунун негизги маселелери.

- эксперимент кызматы тажрыйбалуу мугалимдердин тажрыйбасына, интуиция-туюу сезимдерине, кесиптик билимине, жөндөмдүүлүгүнө таянат;
- мектеп-лицейдеги стратегиялык документтерди;
- окутуу-тарбиялоо ишиндеги инновациялык ар кандай проектилерди;
- эксперименттен өтүп жаткан окуу план-программаны экспертизадан өткөрөт.

Эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борборунун мазмуну жана багыттары.

1. Психодиагностика–психологиялык, инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө, кесиптик баалуу сапаттарды, кесиптик жарамдуулугу, кесипке болгон багытын, ар бир

кесипке кадрларды тандоого, окутуу жана тарбиялоонун эффективдүүлүгүн көтөрүүгө багытталат.

2. Педагогикалык диагностика–окуу тарбия процессин оптималдаштыруу максатында, анын өбөлгөлөрүн, шарттарын, жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыктарын жана коомго тийгизген таасиринин маанисин изилдейт.
3. Педагогикалык диагностика–окутуу процессин изилдөөгө багытталгандыктан талапка ылайык жүргүзүлгөн окуу процессинин бирден бир бөлүгү болуп эсептелет да, төмөнкү максаттарга багытталат.
4. Окуу–тарбия процессинин жыйынтыктарына туура баа берилбей калган учурларда тышкы жана ички жөнгө салуучу иш–аракеттер;
5. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин аныктоо;
6. Окуу тарбия процессинде колдонулуп жаткан программалардын эффективдүүлүгүн, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жана улуттук менталитетке туура келүүсүн аныктайт;
7. Мугалимдердин интелектуалдык деңгээлин жогорулатуу максатында колдонулуп жаткан семинар-тренингдердин илимий жана практикалык деңгээлин аныктоо.
8. Мониторингдин көрсөткүчүн аныктоо.
9. Предмет боюнча мамлекеттик стандарттын талабына жооп бере турган тексттерди, текшерүү иштерди, жазуу иштери, лабораториялык иштерди, практикалык иштерди көзөмөлдөөчү банк түзүү.
10. Чогултулган маалыматтардын технологиясын аныктоо жана алынган жыйынтыктарды багыттар боюнча иштеп чыгуу.
11. Аныкталган багыттар боюнча мониторингди ишке ашыруу үчүн мугалимдер тобун түзүү.
12. Мониторинг боюнча кафедраларда талкуулоо жанан анализдөө.
13. Кеңешмелерде, педсоветтерде мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо.

Иш чараларды уюштуруу:

1. Мониторингдин көрсөткүчүн аныктоо.
2. Ресурстук борборлордо предмет боюнча мамлекеттик стандарттын талабына жооп бере турган тексттерди, текшерүү иштерди, жазуу иштери, лабораториялык иштерди, практикалык иштерди көзөмөлдөөчү банк түзүү.
3. Чогултулган маалыматтардын технологиясын аныктоо жана алынган жыйынтыктарды багыттыр боюнча иштеп чыгуу.
4. Аныкталган багыттар боюнча мониторингди ишке ашыруу үчүн мугалимдер тобун түзүү.
5. Мониторинг борбордо иш жүргүзүүчү мугалимдердин милдеттерин, функциясын аныктоо.
6. Мониторингдин иштелип даяр болгон программасын бекитүү.
7. Мониторинг боюнча кафедраларда талкуулоо жанан анализдөө.
8. Кеңешмелерде, педагогикалык кеңешмеде мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо.

Эксперттик-аналитикалык мониторингдөө борбору рецензия жасайт.

- экспериментке коюлган иштин толуктугун, өзгөчөлүгүн, жетишкендигин;
- жетишпеген жактарын, катасын, карама-каршылыгын, кемчилигин аныктайт, сын пикир айтылат;
- экспериментке коюлган ишке карата сунуштар, жаңы идеяларды айтып, жыйынтык чыгарат

Эксперименттер өзүнүн иштеринде коомчулуктун, ата-эненин, окуучунун күтүүсүнө таянат.

Эксперименттин жыйынтыгы менен андан ары иштин жүрүшүн көзөмөлдөө үчүн аналитикалык-диогностикалык топко сунуш кылат.



CamScanner